**УДК 37.013**

**АМАНКУЛОВА Ж.**
“Ариет” балдар чыгармачылык борбору
**АМАНКУЛОВА Ж.**
Детский творческий центр "Ариэт"
**AMANKULOVA ZH.**
"Ariet" children's creative center

# ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ-ИНСАНДЫН АР ТАРАПТАН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ШАРТЫ КАТАРЫ

ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ КАК ВАЖНОЕ УСЛОВИЕ РАЗНОСТОРЕННЕГО ФОРМИРОВАНИЯ ЛИЧНОСТИ

AESTHETIC EDUCATION AS AN IMPORTANT CONDITION FOR MULTI-DIMENSIONALFORMATION OF PERSON

**Аннотация:** Макала кошумча билим берүү уюмдарында мектеп окуучуларын эстетикалык жактан тарбиялоо аркылуу ар тараптан калыптандыруу маселесин чечүүгө багытталган. Анда илимий булактарга анализ берилип, кошумча билим берүү уюмдарында жаш өспүрүмдөрдүн бош убактысын максаттуу пайдалануу жана чыгармачыл ишмердүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү маселелери каралган. Өзгөчө кыргыз элинин кол өнөрчүлүк, колдонмо искусствосу аркылуу өспүрүмдөрдүн эстетикалык маданиятын калыптандыруу, аларды мектеп окуучулары арасында кеңири жайылтуунун жолдору жана формалары ачыкталат.

**Аннотация:** Статья посвящена разностореннему формированию школьников через эстетическое воспитание в организациях дополнительного образования. На основе анализа научных источников, рассматриваются вопросы целенаправленного использования свободного времени подоростков и проблемы развития их творческих спсосбностей. В особенности, раскрываются вопросы эстетического воспитания подростков через прикладное искусство кыргызов, а также формы и методы их распрастранения среди школьников.

**Annotation:** The article is devoted to the diverse formation of schoolchildren through aesthetic perception in organizations of additional education. Based on the analysis of scientific sources, it examines the issues of purposeful use of the free time of teenagers and the problems of the development of their creative abilities. In particular, the issues of aesthetic education of adolescents through the applied arts of the Kyrgyz people, as well as the forms and methods of their dissemination among schoolchildren, are disclosed.

**Негизги сөздөр:** эстетикалык тарбия, ар тараптан өнүгүү, кол өнөрчүлүк, чыгармачыл ишмердүүлүк.
**Ключевые слова:** эстетическое воспитание, разностореннее развитие, прикладное искусство, творческая деятельность.
**Keywords:** aesthetic education, multidimensional development, applied arts, creative activity.

**Киришүү.** Байыркы замандардан бери эстетикалык тарбия менен инсандын ар тараптан өнүгүүсү ортосунда терең диалектикалык байланыш бар экендиги белгилүү. Акыркы жылдарда ар тараптуу өнүккөн, рухий жактан бай инсанды калыптандыруу маселеси актуалдашып келет. Кыргыз Республикасынын Инсанды руханий- адептүүлүк жана дене тарбиясын өнүктүрүү жөнүндөгү концепциясында: "Эстетикалык тарбия – инсандын эстетикалык аң-сезимин, көркөм- эстетикалык табитин калыптандыруу, бизди курчап турган табияттагы, күнүмдүк турмуштагы, маданияттагы, искусстводогу кооздукту кабыл алуу жана баалай билүү. Кеңири коомчулукту элдик каада-салттардын эстетикалык сулуулуктарды менен тааныштыруужана аларды баалай билүүгө тарбиялоо" маселесин койду [1, 5].

**Макаланын максаты**. Кошумча билим берүү уюмдарында кыргыз элинин кол өнөрчүлүк, колдонмо искусствосу аркылуу өспүрүмдөрдүн эстетикалык маданиятын өнүктүрүү, аларды мектеп окуучулары арасында кеңири жайылтуунун жолдору жана формаларын ачыктоо.

**Колдонулган методдор.** Илимий булактарга кайрылуу менен кошумча билим берүү уюмдарында эстетикалык тарбия берүү боюнча топтолгон эмпирикалык тажрыйбаларды анализдөө, алдыңкы тажрыйбаны үйрөнүү, аңгемелешүүлөр, байкоолор ж.б. ыкмалар аркылуу кыргыз

элинин кол өнөрчүлүк, колдонмо искусствосунун өспүрүмдөрдүн эстетикалык маданиятынын калыптандыруудагы ордун ачып көрсөтүү.

**Натыйжалар жана талкуулар**. Байыркы замандардан бери эстетикалык тарбия инсандын ар тараптан калыптануусунун ажырагыс компоненти болуп келген. Буга байланыштуу ойлор, көз караштар улуу педагогдор А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, Б.М.Неменский ж.б. эмгектеринде орун алган. Алар өз эмгектеринде эстетикалык тарбия системасы аркылуу өсүп келе жаткан муунду айлана-чөйрөдөгү реалдуулукту, табияттагы кооздукту көрө билүүгө үйрөтүүгө чакырышкан. Эстетикалык тарбия аркылуу балага эффективдүү таасир этүүчү күчүн Б.М. Неменский төмөнкүчө белгилеген: "...эстетикалык сезимди тарбиялоо аркылуу сүрөт исусствосуна кызыгуу, адептүүлүк таржрыйбаны байытуу, жакшылык жана жамандык жөнүндө элестерди жаратуу көп улуттуу калктардын маданиятын сыйлоо, исккусство аркылуу өзүнүн коомдук позициясын билдирүүгө жана аны жактоого үйрөнөт" – деп жазат [2, 1]. М, [2, 12-б.] деп жазылыш керек?.

Бардык изилдөөчүлөр балдардын көркөм жана чыгармачылык ишмердүүлүгүндө адеп -ахлактык жана эстетикалык өнүгүүнүн чоң мүмкүнчүлүктөрүн, көркөм образдарды жаратуунун, курчап турган дүйнөгө болгон мамилесин билдирүүнүн ар кандай ыкмаларын жана мүмкүнчүлүктөрүн белгилешет. Владислав Татаркевич ("Алты түшүнүктүн тарыхы", 2002 ж.) эмгегинде искусствого мүнөздүү алты өзгөчөлүктү аныктайт, аларга сулуулукту жаратуу, реалдуулукту кайра жаратуу жана калыптандыруу, билдирүү, эстетикалык тажрыйбаларды жана таң калтыруу (эстетикалык шокту) пайда кылышы керек экендигин белгилейт [3,7]. Өз убагында сулуулукка жана кооздукка мындай көз караш - таптакыр жаңы нерсе болгон. Ошентип, "эстетика" түшүнүгү заманбап илимий булактарда күнүмдүк жашоо-тиричиликтеги көрүнүштөрдү сулуулукту камтуу менен атайын жана максаттуу аракет менен жасалган асыл буюмду, искусствонун түрлөрүн көркөм өнөрчүлүктүн түрлөрүн, маданияттын эстетикалык компоненттерин дагы камтып турат. Бул жагынан алып караганда, алар жүрүм-турумдун, активдүүлүктүн, спорттун, аземдин, ырым-жырымдын, кандайдыр бир нерсенин ж.б. нерселердин эстетикасын көркөмдүүлүүлүгү менен чектеш турат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29- январындагы "Инсандын руханий–адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" аттуу жарлыгына ылайык, коомдун саясий, социалдык өзгөрүүлөрүнө байланыштуу, анын эң маанилүү илим, маданият, билим берүү сыяктуу компоненттери, инсандын граждандык, руханий, адеп- ахлактык жана кесиптик өз алдынча чечим кабыл алуусун калыптандыруудагы жаңы проблемаларды чечүү талабын актуалдаштырууда. Буга байланыштуу балдарга эстетикалык тарбия

берүү, көркөм тарбия берүү, элибиздин маданий салттарын кайра жандандыруу, декоративдик-колдонмо (прикладдык) искусствонун ар кандай түрлөрүн, аларды жаратуу салттарынын өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу талабы күч алууда.

Бүгүнкү Кыргыз Республикасындагы балдарга эстетикалык тарбия практикасын анализдей келгенибизде өлкөбүздө бир топ алгылыктуу алдыңкы тажрыйбалар бар экендигин көрүүгө болот. Атап айтканда, Жалал-Абад шаарындагы "Ариет" балдар чыгармачылык борборунда 4 багытта 24 ийрим иш алып барат. Алардын негизги максаты: кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүк жана сүрөт искусствосуна көбүрөөк көңүл буруу менен өспүрүмдөрдүн эстетикалык маданиятын жана табитин калыптандыруу эсептелет. Учурда 300дөн ашуун окуучу ушул багытта - маданиятты сактоо жана өнүктүрүү боюнча ар кандай деңгээлдеги конкурстарга катышып келишет. "Түркүн баштыктар", "Куурчак жасоонун сырлары" аттуу конкурска катышуу менен окуучуларыбызды эмгекчилдикке, сулуулукка, кооздукту жаратууга, коомдун, жашоонун өзгөргөн шарттарына жараша, чыгармачылык менен иш алып барууга үйрөтүүгө өбөлгө түзүлүүдө. Ошону менен бирге аталган борборлордун педагогдорунун максаты өспүрүмдөрдү өндүрүмдүү чыгармачылык ишмердүүлүккө даярдоо; алардын чыгармачылык көз карандысыздыгын өнүктүрүү; социалдык адаптация; чыгармачылык маселелерди чечүүдө, көркөмдүүлүктү жаратуудагы ой чабытын өстүрүү ж.б. жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга бурулган. Борбордун педагогикалык жамааты эстетикалык маданиятты калыптандырууда искусстводогу улуттук салттарга көбүрөөк көңүл буруу, аларды эстетикалык тарбиялоо процессинде колдонуу өзгөчө актуалдуу экендигин терең түшүнүшөт жана бул багытта көптөгөн таалим- тарбиялык иштерди алып барышат. Колдонмо исусствонун инсандын өнүгүүсүндөгү эстетикалык жактан калыптанышындагы өзгөчө ролун, анын адамды реалдуулукка болгон көркөм жана ар тараптуу мамилесин калыптандыруу, көркөм жана чыгармачылык ишмердүүлүк процессинде эстетикалык табитин калыптандыруу керек экендигин окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү боюнча көптөгөн таалим-тарбиялык иштерди алып барышат.

Аталган кошумча билим берүү борборлорунда балдарга декоративдик жана прикладдык искусство эстетикалык мамиленин калыптанышына өтө ыңгайлуу өбөлгө түзүлгөн. Бул жердеги мамилелер сулуулук менен байланыштуу туруктуу сапатты сезүү, түшүнүү, баалоо, карым-катнаш түзүү жөндөмдөрдүн өнүктүрүүгө ылайыкташкан. Педагогдор эстетикалык тарбия адам жашоосунун бардык чөйрөсүн камтыйт тургандыгына басым жасашат. Ал адамдын мүнөзүн калыптандырат, социалдык тажрыйба топтоосуна жардам берет, адамдан инсандык сапаттарын өнүктүрөт, ансыз коомдук жашоонун бир дагы

чөйрөсүндөгү чыгармачылык ишмердүүлүк мүмкүн эмес. Нукура эстетика эмгекте, илимий, экономикалык, техникалык, маданий, педагогикалык ишмердүүлүктүн ажырагыс бөлүгү экендиги менен баалуу. Эстетикалык тарбия искусство аркылуу инсанга таасир этет, анын ичинде элдик көркөм кол өнөрчүлүк менен тыгыз байланышта турат. Ошол эле мезгилде бул окуучунун инсандыгына моралдык жана эмоционалдык жактан калыптанышына таасир этүүчү маанилүү фактор болуп эсептелет.

Азыркы шарттарда билимдин таасирдүүлүгү маданияттуу адамды тарбиялоого багытталышы менен аныкталат. Буга байланыштуу улуттук маданий баалуулуктарды кайра жандандыруу зарылдыгы келип чыгууда. Улуттук маданий баалуулуктарды кайра жандандыруу жана мектеп окуучуларын эстетикалык маданият менен тааныштыруу жалпы билим берүүчү мектептин, өзгөчө кошумча билим берүү мекемелеринин негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Ар бир эл искусство аркылуудүйнөнүн, өзүнүн образын жаратат жана башка элдер арасында өз ордун таанытат. Аталган эстетикалык борбордун максаттуу иш-аракеттери окуучуларды окутуунун жана тарбиялоонун милдеттерин туура аныктоо аркылуу аларды улуттук жана регионалдык маданияттын өзгөчө түрү болгон кол өнөрчүлүк менен тааныштыруу, аларга элдин руханий, эстетикалык жана социалдык тажрыйбасы жөнүндө кеңири маалымат берүү, алардын көркөм жана колдонуучулук көндүмдөрүн калыптандыруу, маданий салттарды, коңшу элдердин руханий баалуулуктарын салыштыруу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү, чыгармачылык көз карандысыздыкка үйрөтүү эсептелет. Көркөм билимге жана жаш муунга эстетикалык тарбия берүүгө болгон мындай муктаждык теориялык, практикалык, уюштуруучулук мүнөздөгү бир топ татаал жана олуттуу проблемаларды чечүүнү талап кылат. Андыктан, көркөм- эстетикалык багыттагы кошумча билим берүү мекемелеринде көркөм кол өнөрчүлүккө эстетикалык мамилени калыптандырууда конкреттүү көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү, баалуулук багыттарын өнүктүрүү алдыңкы орунду ээлеши керек. Натыйжада, мындай өзгөрүүлөр инсандын эстетикалык жан дүйнөсүндөгү эстетикалык муктаждыктын пайда болуусуна түрткү берет.

Эстетикалык тарбия жана көркөм кол өнөрчүлүк искусство аркылуу тарбиялоо анын ичинде эмгектин элдик көркөм кол өнөрчүлүк менен байланышы, мезгил менен айкеш келиши, муундардын тарыхый эс тутуму, элдин дүйнө таанымын сактап калуу аракеттеринин алкагында ишке ашат. Кылымдар бою адамзат өзүнүн жашап турган мезгилинде топтолгон руханий байлыгын сактап келген. Элдин руханий баалуулуктары, анын үрп-адаттары жана салттары өсүп келе жаткан муундун адеп-ахлактык калыптанышында, анын эстетикалык сапаттарынын калыптанышында, жалпы эле инсандын социалдашуусунда чечүүчү ролду ойногон. Көркөм кол өнөрчүлүк аркылуу окуучуларга

көркөм-эстетикалык тарбия берүүнүн эффективдүү методологиясы үчүн төмөнкү педагогикалык шарттарды сактоону талап кылат:

1. Билим берүүнүн региондук компонентин бөлүп көрсөтүү менен көркөм жана эстетикалык тарбиялоонун заманбап теориясында жана практикасында көркөм кол өнөрчүлүктүн ролун ачуу;
2. Оуучулардын улуттук көркөм маданияттын тарыхый өнүгүү жөнүндөгү түшүнүгүн калыптандыруу;
3. Элибиздин улуттук жана регионалдык көркөм маданиятын таануу процессинде инсандын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү. Мында регионалдык искусство улуттук көркөм маданияттын бир бөлүгү, эстетикалык бүтүндүктүн ажырагыс бөлүгү экендигине басым жасалат.
4. Жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата туруктуу адеап-ахлактык мамилесин, көз караштарын, дүйнө таанымын калыптандыруу;
5. Окуучуларды жогорку эстетикалык маданияттын жана адептүүлүктүн улуттук руханий салттарын алып жүрүүчү кыргыз жараны катары калыптандыруу.

Бул өңүттөн алганда, өнүгүп келе жаткан инсан үчүн өндүрүмдүү чыгармачылык ишмердүүлүккө даярдык, коомдук адаптация, чыгармачылык маселелерди чечүү жана улут өкүлү катары өзүн өзү таануу өзгөчө мааниге ээ. Дал ушул сапаттар кошумча билим берүү уюмдарынын билим берүү жана тарбиялоонун негизги милдеттериенен болуп эсептелет. Ошондуктан маданият менен искусствонун улуттук салттарына, алар аркылуу көркөм тарбиялоо, эстетикалык тарбиялоо процессинде колдонуу өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Бул өңүттө өзгөчө кыргыз элинин декоративдик жана прикладдык искусство эстетикалык мамиленин калыптанышына өбөлгө түзөт. Көркөм өнөрдүн, жөндөмдүн, көркөм кол өнөрчүлүккө эстетикалык мамиленин калыптанышы жана өнүгүшү окуучулардын билим берүү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүнө, алардын чыгармачылык потенциалынын калыптанышына, эстетикалык кабылдоонун өнүгүшүнө таасирин тийгизет. Окуучуларга көркөм кол өнөрчүлүктү үйрөтүү кошумча билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү менен ишке ашырылып, негизги билим берүүнүн мазмуну гуманитардык маданиятты калыптандырууга багытталган. Жаш өспүрүмдөрдүн декоративдик-прикладдык ишмердүүлүгүнүн эстетикалык баалуулугу элдик искусствону билүүдө, мезгилдин байланышын, муундардын тарыхый эс тутумун жана адамдардын дүйнө таанымын сактоонун негизги каражаты болуп эсептелет. Мисалы, аталган борбордогу билим берүү мейкиндигинде “көркөм кол өнөрчүлүк2 (DPI) кошумча билим берүүнүн багыттарында барган сайын көрүнүктүү орунду ээлей баштады. Тактап айтсак, көркөм- эстетикалык багыттагы кошумча билим берүү мекемелеринде көркөм кол өнөрчүлүктү үйрөтүүнүн мазмунунун эффективдүүлүгү маданият таануу,

фольклордук маданиятты конкреттүү изилдөө предмети катары бөлүп кароо, андагы активдүүлүк мамилеси, сабактардын мазмуну менен кошо аныкталат. Декоративдик-прикладдык иштин ар кандай түрлөрү (кездеменин көркөм сүрөтү, көркөм кол өнөрчүлүк, керамика, кийиз, жыгач, мончок, сайма, аппликация ж. б.), анын ичинде элдик маданияттын баалуулуктарын түзүү үчүн зарыл болгон чыгармачылык жөндөмдүн мазмунунда окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн, жеке кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн, окуучуларга теориялыкжана практикалык ишмердүүлүктүн негиздерин акырындык менен татаалдаштыруу; табиятка шайкеш келүү жана жеке мамиле принциптерин ишке ашыруу аркылуу жүргүзүү орун алган. Көркөм кол өнөрчүлүктү үйрөтүүнүн бири-бири менен байланышкан үч этаптан: киришүү, декоративдик-оюн чыгармачылыгынын стадиясы жана декоративдик-прикладдык чыгармачылык аракет этаптарын камтыган методикалык моделдин алкагында эксперименталдык тажрыйба формасында жүргүзүлөт. Андай иш-аракеттер алдын-ала уюштурулган эксперименталдык тестирлөө аркылуу ишке ашырылат. Аталган мекемеде ошол эле мезгилде автордук көркөм кол өнөрчүлүктү калыптандыруу программасы иштейт. Анда кыргыз кол өнөрчүлүгүн колдонуу менен окуучулардын эстетикалык табитин калыптандыруу технологиялары иштелип чыккан. Программанын өзгөчөлүгү - сабактарды атайын түзүлгөн предметтик чөйрөдө, ар кандай курактагы топтордо, көркөм жана чыгармачылык иштин түрлөрүн тандоо эркиндиги, көйгөйлөрдү чечүү (тапшырма) ыкмасы аркылуу ишке ашырылат. Мында окуучулардын кызыкчылыгын, айлана-чөйрөгө интеграцияланышын, алардын кесиптик багытын эске алуу менен көркөм - эстетикалык, декоративдик - прикладдык иштин жана алардын өнүгүүсүнүн жогорку эффективдүүлүгү камсыздалат.

Кыргыз элинин декоративдик-прикладдык искусствонун (жүн менен, чий менен, жыгач менен ж.б. материалдар менен иштөө) жолдору иштелип чыккан жана алардын системалаштырылган түрлөрү, квалификациялык мүнөздөмөлөрү, иштөө этаптары, көркөм искусствонун башка ар түрдүү декоративдик – прикладдык түрлөрү тандалып алынган. Мындай тарбиялык иштер жана алардын мазмуну, колдонулган материалдар жана аларды колдонуу техникалары мурда колдонулбагандыктан эбегейсиз таасирдүүлүгү менен айырмаланып, эч кандай башка искусстводон кем калбайт. Мындан декоративдик- прикладдык искусство - бул адамдардын руханий маданиятынын бир бөлүгү катары, инсандын өнүгүүсүнүн, искусствонун эс алуусунун жана бүтүндөй дүйнө таануусунун жана аларды трансформациялоо фактору катары каралуучу социалдык-педагогикалык көрүнүш экендигин байкоогоболот.

Көркөм-эстетикалык тарбия балдардын ар тараптан өнүгүүсүнүн маанилүү компоненти болуу менен атайын кошумча билим берүү

программалары аркылуу ишке ашыруу керектиги, кошумча билим берүү кызматтары билим берүү жана ага байланыштуу маалыматтык иш-чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу жүргүзүлө турган максаттуу таалим-тарбиялык иштердин төмөнкүдөй мазмунун камтыйт:

- эстетикалык тарбия процесси балдардын жөндөмдүүлүгүн, кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эске алууга негизделген, бул алардын өзүн-өзү таануусуна, өзүн көрсөтүүгө жана өзүн-өзү ишке ашырууга байланыштуу иш-чараларды;
- эстетикалык тарбия мугалим менен окуучунун ортосундагы инсандар аралык мамилелердин диалогдордун формаларын;
- практикага багытталган жана кесип тандоого жол ача турган кошумча билим берүү мазмунун жана жолдорун;
- максаты, мазмуну жана уюштуруу структурасы боюнча балдарга кошумча билим берүүгө багытталган (мисалы, көркөм-эстетикалык багыт, музыка жана искусство мектептери, сарайлар, клубдар жана балдардын чыгармачылык үйлөрү, студиялар ж.б.) уюмдардын көп тармактуу программалардын жыйындысын камтып турат.

Учурда кошумча билим берүү системасында көркөм-эстетикалык тарбия берүү уюмдары келечек жаштарды жумуш менен камсыз кылууну жана алардын пайдалуу жана алардын толук кандуу эс алуусун уюштуруу, инсандын социалдашуусуна шарт түзүү сыяктуу социалдык жана педагогикалык жактан маанилүү маселелерди чечүү менен коштолууда. Мунун себеби, жалпы билим берүүчү мектептердин жогоруда белгиленеген маселелерди чечүүдө, ж.б. таалим-тарбиялык “боштуктарды” толтуруу мүмүкүнчүлүктөрү чектелүү экендигине байланыштуу. Тескерисинче, кошумча билим берүүнүн артыкчылыктары катары: ар кандай ишмердүүлүк талаалардын бар экендигин; окуучунун жекече инсандыгын тааныттуу мүмкүнчүлүгүнүн экендиги; балдарды өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүү; башка мейкиндикке чыгаруу, жашоо жана кесиптик кызыкчылыктарды түшүнүү жана аларга карата аракетке келтирүү баалуу. Ал эми жалпы билим берүүчү мекемелер балдардын жана өспүрүмдөрдүн жогоруда белгиленген жекече муктаждыктарын жана алардын туруктуу кызыкчылыктарын калыптандыра албайт.

Жогоруда белгиленген талаптарга ылайык жүрүзүлүүчү көркөм-эстетикалык тарбия баланын инсандыгынын калыптанышына таасирин тийгизет. Баланын кошумча билим берүү мекемесинде алган эстетикалык тарбиясы анын инсандыгын, моралдык жана эмоционалдык дараметин, интеллектуалдык деңгээлин тааныттуу менен коомго карай интеграцияланышына (биригишине) таасир этүүчү негизги фактор катары кызмат кылат. Ал эми кыргыз элинин декоративдик-колдонмо кол өнөрчүлүгүн үйрөнүүгө багытталган көркөм жана эстетикалык билимдин сапаты кыргыз маданиятынын келечектеги өнүгүү тенденцияларына

шайкеш келүү менен төмөнкүдөй көрүнүштөрдүн күч алышына өбөлгөтүзө алат:

- мамлекеттин социалдык жана маданий саясатындагы улуттук баалуулуктарга негизделген өзгөрүүлөргө түрткү болуу;
- “адамдарга инвестициялоого”, өзгөчө балдардын чыгармачылыкжактан калыптанышына карата материалдык чыгымдардын өсүшү;
- массалык маданияттын улуттук салмагынынын артышы жанаалардын бекемделиши;
- кошумча билим берүүчү борборлордо окуучуну көркөм жана эстетикалык жактан тарбиялоонун ролунун жогорулашы;
- улуттук көркөм баалуулуктарга негизделген моралдык- эстетикалык тарбиялоо аркылуу жаштардын ар тараптан калыптанышынын тездөөсү;
- улуттук нукта жүргүзүлгөн эстетикалык тарбиянын жаштардын руханий жана адеп-ахлактык жактан калыптануусу менен шайкеш келишин камсыздайт.

**Корутунду**. Бүгүнкү күндө балдар үчүн кошумча билим берүү системасындагы көркөм -эстетикалык багыттагы билим берүү жана тарбиялоо борборлору бүтүмдүү педагогикалык уюм катары көптөгөн алгылыктуу иштерди алып барууда. Алардын ар бири өзүнүн профилине туура келген билим берүү чөйрөсүн түзүп турат. Өспүрүмдөр тандаган искусство формасынын түрлөрүн, салттуу иш-аракеттерин, алардын мазмунун, билим берүү жолдорун ишке ашырууга багытталган окуучулар менен мугалимдердин жандуу биримдигинин негизинде жаралат. Акыркы мезгилде мындай борборлордо кыргыз элинин декоративдик-колдонмо кол өнөрчүлүгүн үйрөнүүгө багытталган көркөм жана эстетикалык билимдин сапаты артууда жана алар кыргыз маданиятынын келечектеги өнүгүү тенденцияларына шайкеш келүүсү менен айырмаланат. Бул маселедеги негизги аныктоочу фактор катары педагогдордун өз предметинин этикалык жана эстетикалык баалуулуктарын терең түшүнүүсү жана баалоосу, ошондой эле аларды билим берүү ишмердүүлүгүндө ишке ашырууда чыгармачылыкты жарата билүүсү маанилүү.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Инсанды руханий-адептүүлүк жана дене тарбиясы өнүктөрүү өнүтүрүүжөнүндөгү концепциясы./http://www.president.kg/ru/sobytiya/novosti/20167_utverghden a_koncepciya_oduhovno_nravstvennom_razvitii_ifizicheskom_vospitanii_lichn osti (дата просмотра: 21.10. 2021)
2. Неменский Б.М. Көркөм искусство программасы. //https://aclic.ru/docs/edu/bep/02_paint.pdf (01.12.2021-жылы көрүлгөн)